КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧУЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕНЕЩИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

# ТОКТОМ №3

**27 январь 2026 ж.** **Панфилов а.**

**Панфилов районунун Курама айыл аймагынына караштуу Орто-Арык айылындагы инновациялык борборго «Аскер-Ата» атын ыйгаруу жөнүндө**

Инновация тармагындагы башкаруу системасын өркүндөтүү жана аталышын ылайык келтирүү максатында, жаран Эрматов Аскербек Эрматовичтин коомго сиңирген эмгегин эске алып, Кыргыз Республикасынын «Инновациялык ишмердүүлүк жөнүндө» жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамдарына ылайык, “Республикалык маанидеги объектилерге ат коюунун жана атын өзгөртүүнүн тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Курама айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Панфилов районунун Курама айыл өкмөтүнө караштуу Орто-Арык айылында жайгашкан Инновациялык борборго «Аскер-Ата» деп аталышы ыйгарылсын.
2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий басылмаларга жарыялансын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Курама айыл өкмөтүнүн башчысы М.Т. Бейсембаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Джумагулов А.К.**